Бекитемин

Мектеп мүдүрү: Сайдинова Н.С.

# Ж.Баласагын атындагы орто мектеби

# Мектептин

# өнүктүрүү стратегиялык программасы

# 2019-2024 окуу жылдары

Мазмуну

1 бөлүм.  Мектептин өнүктүрүүнүн стратегиялык программасынын паспорту.

2- бөлүм. Мектеп жөнүндө маалымат

3-бөлүм. Ички анализдери

4-бөлүм. Мектепти өнүктүрүүнүн программа концепциясы

5- бөлүм. Стратегиялык планды ишке ашыруу

6- бөлүм. Стратегиялык планды ишке ашыруу механизми

7-бөлүм. Стратегиялык планды ишке ашыруу боюнча ресурстук камсыздоо

## 1. Мектепти өнүктүрүүнүн стратегиялык программасынын паспорту

| | |
|---|---|
| Программанын аталышы | Ж.Баласагын атындагы орто мектебинин 2019-2024- жж .өнүктүрүү планы |
| Программаны иштеп чыгуучулар | мектеп директору<br>ОББ, тарбия завуч<br>проф.союз<br>информатика мугалими |
| Программаны иштеп чыгуу үчүн ченемдик укуктук база | ➢ КРконституциясы<br>➢ «Билим жөнүндө» мыйзам<br>➢ «Мугалимдин статусу жөнүндө» мыйзам<br>➢ КРмамлекеттик стандарты<br>➢ Жалпы билим берүү уюму жөнүндө типтүү жоболор<br>➢ КРжалпы билим берүүчү мектептеринин окуучуларын тамактандыруу боюнча<br>➢ Ж.Баласагын атындагы ортомектебинин Уставы |
| Программанын аткаруучулары | Ж.Баласагын атындагы орто мектебинин педагогикалык жааматы, окуучулар жана ата-энелер |
| Өнүктүрүүт программанын максаты | ➢ Заманбап коомдун, мамлекеттин жана эмгек рыногунун талаптарына ылайык билимдин татыктуу сапатын жемиштүү камсыз кылуу үчүн психологиялык жактан ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн түзүү<br>➢ Интеллектуалдык жана чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн ишке ашыруу үчүн зарыл болгон ишмердүүлүктүн көлөмүн камсыз кылуу |
| Программасынынбагытт ары жана максаттары | 1. Билим берүү процессине, башкаруу ишмердигине маалыматтык-коммуникациялык технологияларды киргизүү, башкаруу системасынын инновацияларга ачыктыгын түзүү, жогорку эффективдүү башкаруу принциптерин киргизүү<br>2. Тажрыйба алмашууну уюштуруу аркылуу мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүн жогорулатуу<br>3. Окуучуларды андан ары жалпы маданий жана кесиптик жактан өнүктүрүү үчүн зарыл болгон билимдерди, көндүмдөрдү тең салмактуу, алууга түрткү берүү<br>4. Окуучулардын санариптик компетенцияларын калыптандыруу үчүн мектептин маалыматтык-коммуникациялык инфраструктурасын жакшыртуу<br>5. Окуучуларды олимпиадага натыйжалуу даярдоо үчүн шарттарды түзүү, ЖРТ жана НТЦ<br>6. Окуу процессинде системалык-иштиктүү мамиленин негизинде таланттуу, шыктуу окуучулардын жөндөмүн жана чыгармачылык потенциалын өнүктүрүү<br>7. Инсанды өнүктүрүү, сергек жашоо образын калыптандыруу үчүн жагымдуу психологиялык-педагогикалык шарттарды түзүү<br>8. Баланын инсандыгы калыптанган бирдиктүү билим |

| | |
|---|---|
| | берүү чөйрөсүн түзүү, ата-энелерди мектептин тарбиялык ишинин максаттуу процессине тартуу<br>9. Билим берүү процессининин инфраструктурасын жана мазмунун жаңыртуу жана жакшыртуу үчүн демөөрчүлөрдү, өнөктөштөрдү тартуу |
| Программаны ишке ашыруунун күтүлүүчү натыйжалары | ➢ Заманбап санариптик билим берүүчөйрөсүн, анын ичинде инновациялык билим берүү платформасын калыптандыруу<br>➢ Мектептин ишмердүүлүгүн камсыз кылуучу интеллектуалдык башкаруу системасын ишке ашыруу<br>➢ Санариптик технологияларды киргизүү аркылуу билимдин сапатын олуттуу жогорулатууну камсыз кылуу<br>Педагогикалык жаамат менен:<br>1. Жаңы стандарт боюнча мугалимдердин жана мектеп жетекчилеринин квалификациясын жогорулатуу курстарынан 100% чейин өтүшөт<br>2. Мугалимдердин 60% кеминде билим берүүпроцессиндеИКТны, жаңы санариптик технологияларды колдонот жана педагогикалык тажрыйбаны жайылтышат<br>Окуучулар менен:<br>1. Көптөгөн таланттуу, шыктуу окуучулар ар кандай олимпиадаларга тартылат<br>Ата-энелер менен:<br>1. Тарбиялык жана уюштуруу иштерине ата-энелердин 50-60%ке чейинкиси тартылган<br>2. Ата-энелердин 100% консультативдик методикалык жардам алган |
| Программаны ишке ашыруу мөөнөтү | 5 жыл<br>2019-2023- жж .чейин |
| Программаны ишке ашыруунун негизги этаптары | I этап<br>2019-2020 (уюштуруут жана даярдоо этабы)<br>Керектүү ченемдик укуктук базаны түзүү, кадрларды даярдоо жана өнүктүрүү, башкаруунун инновациялык технологияларын изилдөө, мектепти жакшыртуу боюнча документтерди иштеп чыгуу, мектептеп программаны ишке ашыруу жана каржылоо үчүн социалдык шарттарды даярдоо.<br><br>II этап<br>2020-2023жж.<br>Программанын натыйжаларына жетишүүгө багытталган иш-чараларды өткөрүү жана ишке ашыруу. Кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо.<br><br>III этап<br>2023-2024жж.<br>Жаңыртууларды ишке ашырууга чейинки жана андан кийинки мезгилдеги мектептин көрсөткүчтөрүн салыштырыңыз<br>Программалык иш-чаралардын аткарылышына мониторинг жүргүзүү, натыйжалардын динамикасын талдоо, өнүктүрүү |

| | |
|---|---|
| | программасын ишке ашыруудагы терс жана оң тенденцияларды аныктоо<br>Жыйынтыктоо, мектепти мындан ары өнүктүрүү үчүн жаңы деңгээлдеги жаңы стратегиялык милдеттерди аныктоо |
| Мектептин программасын иштеп чыгууну башкаруунун тартиби | Өнүгүү программасынын аткарылышын контролдоо мектеп администрациясы жана педагогикалык кенеш тарабынан жүзөгө ашырылат |

**2.Мектеп жөнүндө маалымат**

**2.1.Жалпы мектеп жөнүндө маалымат**

| | |
|---|---|
| Мектептин аталышы | Чуй облусу, Чуй району, Ак-Бешим айылыЖ.Баласагын атындагы орто мектеби |
| Негизделген жылы | 1979- жыл |
| Мектептин туюштуруу документтери | ➢ Мектептин Уставы<br>➢ Билим берүү ишин жүргүзүү укугуна лицензия<br>➢ Аккредитациялык кубөлүк 18.04.2023-ж. |
| Мектептин ИИН | 02206200610034 |
| ЖРТ коды | |
| Юридикалык мектептин дареги | Чуй областы, Чуй району, Ак-Бешим айылы, Карачов Ороз көчөсү 1 |
| Окутуу тили | кыргызча, орусча |
| Долбоордук кубаттуулук | |
| Окутулуп жатат | 320 |
| Класс комплетиси | 17 |
| Жылытуу | от жагуучу бөлмө |
| Мектептин иштөөсү | бир смен |
| Иштөө режими | 5 кун (0-11 кл) |
| Сабактын узактыгы | 45 мүнөт |

**2.2.Мектеп шарттары**

Чуй облусу, Чуй району, Ак-Бешим айылы Ж.Баласагын атындагы орто мектеби 1979-жылдан тартып мектеп иштеп жатат. Типтүү, 3-кабат, кирпич менен толтурулган темир бетон. Мектептин азыркы абалы орто.Мектепте 19 кабинет, 1 спорт залы,1 ашкана, 2китепкана, усулдук кабинет, 4 админнистрация кабинети бар.

Информатика кабинетинде 7- компьютер бар.Мектептин территориясында футбол аянтчасы, баскетбол жана воллейбол аянтчалары бар. Мектеп ашканасы 96 окуучу орундарына арналган жана идиш аяктар бар.

Ашканада 143башталгыч мектептин окуучулары тамактанышат.

«Мерсико» проектиси боюнча керектуу техникалык жабдуулар кабыл алынган.

Мектеп китепканасы жана окуу залы 10 орундуу. «Жаны китеп» проектиси боюнча компьютер принтер менен камсыздалган.

**2.3.Мектептин уюштуруу-штаттык түзүмүнүн өзгөчөлүктөрү**

| Администрация | |
|---|---|
| Директор | 1 |
| Директордун окуу-тарбия иштерибоюнча орун басары | 1 |
| Директордун тарбия иштери боюнча орун басары | 1 |
| Чарба кызматкери | 1 |
| Соц.педагог | 1 |
| Китепканачы | 1 |
| Бардыгы | 6 |

**Мугалимдердин сапаттык курамы**

Мектепте 23 мугалим иштейт, 2 агай, 21 эжей.

Кадрлардын профессионалдык деңгээли

Жогорку билимдуу-20, орто билимдуу-3

**Эмгек стажы боюнча кадрлар**

0-5 жылдан 6

5-10 жылдан 3

15- жогоруу 14

Наамдары, сыйлыктары

- «Эл агартуунун мыктысы» наамы-5
- КРБилимБеруу министринин «Ардак грамотасы» -4
- ЧТБББ грамотасы-5

Мугалимдер тынымсыз квалификацияны жогорулатуу курстарынан өтүшөт.Кесиптик өсүш үчүн бардык шарттар түзүлгөн.

Мектепте 4 усулдук бирикме бар.

1. Гуманитардык илимдердин УБ
2. Так илимдер УБ
3. Табигый илимдер УБ
4. Башталгыч класстар УБ

**2.4.Окуу процессин уюштуруу**

Окуу процесси беш күндүк окуу жумасынын режиминде уюштурулат.Окуу процессинин негизги формасы кесип болуп саналат. Мектеп базистик окуу планы боюнча иштейт, ЧТБББ тарабынан бекитилген, базистик окуу планынын негизинде окуу процесси ишке ашырылат. .Программаны ишке ашыруу КыргызРеспубликасынын бюджетинин каражаттарынын эсебинен камсыз кылынат.

**3-Бөлүм**

**Ички анализ**

| **Күчтүү жактары:** | **Алсыз жактары:** |
|---|---|
| Мектепте документтердин ченемдик укуктук базасы түзүлгөн. Миссиясы ачык-айкын айтылган, мектептин стратегиясы деталдуу түрдө иштелип чыккан. Мектепте билим берүүнүн жаңы технологияларын колдонууну ишке ашырууда. Окуу-тарбия иштерине бардык шарттар түзүлгөн. Мектептин окуучулары шаардыкпредметтиколимпиадаларгакатышат. Окуучулардынөзүн-өзүбашкаруусистемасы калыптанган. | Учурда мектепте 320 окуучу билим алса, мектептин долбоордуу кубаттуулугу 624 орунга эсептелген. Мектептин негизги көйгөйлөрүнүн бири окуучулардын санынын аздыгы. Пенсия курагындагы мугалимдер негизинен салттуу окутуу системасы боюнча иштешет, анткени. Жаңы технологияларды колдонууну окуу процессине киргизүү кыйын. Мектептин заманбап материалдык-техникалык базасы жетишсиз. |

**4- бөлүм**

**Мектепти өнүктүрүүнүн программа концепциясы.**

Мектептин 2021-2022-окуу жылы окуучунун эркин жана чыгармачыл инсандык көнүктүрүү үчүн шарттарды түзүүгө, окуу процессинин идивидуалдаштырууга, сергек жашоо образын калыптандырууга багытталган.

Ошону менен бирге окуу мектептин ишин талдоонун натыйжасында администрация жана педагогикалык жамаат өзгөчө көңүл бурруусу зарыл болгон төмөнкүдөй көйгөйлөр аныкталды.

- Кадрлардын жетишсиздиги
- Жаш адистердин жетишсиздиги

Жогорудагы көйгөйлөргө байланыштуу өнүктүрүү программасын андан ары ишке ашыруу үчүн төмөнкүлөр зарыл:

- Мугалимдер менен мамлекеттик стандарттын талаптарына ылайык системалуу иш алып бару

- Мектептин инфраструктурасын жаңылоо жана жакшыртуу

Мектептин миссиясы, максаты жана милдети

Миссиясы: Мектеп окуучунун жекече мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык,билимди ар бир окуучу үчүн мүмкүн болушунча сапаттуу деңгээлде камсыз кылат. Окуучулардын, ата-энелердин, коомдун жана мамлекеттин билимге болгон муктаждыктарын канааттандыруу үчүн баланын коммуникативдик компетенттүүлүгүн калыптандырууга, турмуштагы ордун табууга көмөктөшөт.

Максаты: өзүн-өзү ишке ашырууга атаандаштыкка жөндөмдүү инсанды калыптандыруу.

Милдеттери: Мектептин административдик түзүлүшүн жана педагогикалык жамаатты өнүктүрүү  аркылуу мамлекеттин жана коомдун берген тапшырмаларын аткаруу.

**5- бөлүм**

**Стратегиялык планды ишке ашыруу**

Жалпы максаты жана милдети:

Максаты: өзүн-өзү ишке ашырууга атаандаштыкка жөндөмдүү инсанды калыптандыруу.

Милдеттери: Мектептин административдик түзүлүшүн жана педагогикалык жамаатты өнүктүрүү жанаша түзүү аркылуу мамлекеттин жана коомдун берген тапшырмаларын аткаруу._

**6-бөлүм Стратегиялык планды ишке ашыруу механизми**

1. Мектепти  өнүктүрүүнүн артыкчылык багыттарын аныктоо жана талдоо, илимий-практикалык конференцияларда, усулдук кеңештин жана мектептин усулдук бирикмелеринин жыйналыштарында, мектептин ата-энелер комитетинин жана класстын ата-энелеринин чогулуштарында аны ишке ашыруунун аралык жыйынтыктарын аныктоо жана талдоо
2. Төмөнкү схема боюнча өнүктүрүү программасын ишке ашырууну талдоо жана мониторинг жүргүзүү системасын түзүү: УБ.де,пед.кеңешме каралды.

**7-бөлүм. Стратегиялык планды ишке ашыруу боюнча ресурсттук камсыздоо**

1.нормативдик-укуктук колдоо

2.материалдык-техникалык колдоо

3.ата-энелер мектеби

4.финансалык каржылоо